**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси

*Тема:* Манас сабагы

*Класс: 10 В*

## Манапбаева Айжан Токтогуловна

*2019-2020- окуу жылы*

**Сабактын темасы:** Киришүү, Манас сабагы
**Грамматикалык тема: Сүйлөм мүчөлөрүн татаал формада колдоно билүү**
**Сабактын максаттары:**

1. Мурда өтүлгөн лексиканы оозеки кебинде активдүү түрдө колдонушат. Ар кандай кеп конструкцияларын толуктап, мааниси боюнча улантып иштей алышат.
2. Кеп маданиятына көңүл бурушат. Бири-бири менен жана улуу адамдар менен маданияттуу учурашуу керек экендигин түшүнүшөт.
3. Кеп концтрукциясы аркылуу суроо-жооп түзүүгө машыгышат.
4. Манас эпосу тууралуу кошумча маалымат алышат

**Көрсөткүчтөр:**
Жогоруда коюлган максаттар ишке ашат, эгерде:
- Саламдашуунун түрлөрүн кырдаал боюнча сүйлөй алса;
- Бири-бири менен жана улуу адамдар менен маданияттуу учурашууну түшүнө алса;
- Кыргыз тилине мүнөздүү болгон тыбыштарды туура айта алса;
- Сүрөттөн мазмунун түшүнсө;
- берилген суроолорго жооп бере алса;

**Сабактын тиби:** Кайталоо
**Сабактын формасы**: Сабак – практикум
**Сабакта колдонулган ыкма**: Сүрөт жана видеороликти колдонуу аркылуу логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү.
**Сабакта колдонулган каражаттар**: Манастын жети осуяты, "Манас" эпосу тууралуу презентация
**Сабактын жүрүшү:**
**Уюштуруу:** Саламатсыңарбы балдар? Кана кандай саламдашуунун түрлөрүн билебиз? Ар кимибиз бири-бирибизди кайталабай саламдашып көрөлүчү
**1-тапшырма:**
Сүрөт менен иштөөнү окуучуларга "Бул ким? Берилген сөздөр кандайча которулат?" деген суроолорду берүүдөн баштоо керек. Сүрөттө берилген жети осуят менен таанышышат.

1. Алардын негизги маанисин, колдонуу кырдаалдарын эстешет.
2. Берилген суроолорго кыскача туура жооп айтышат.

**2-тапшырма:**
Суроолорго жооп беришет. Бири-бирине жооп беришип, ролдошуп сүйлөшүшөт. "Улуу эпос" темасы боюнча сөздөрдү кайталашат. Берилген кеп конструкциясы боюнча сүйлөшүшөт. Бул тапшырманы аткарууда

**3-тапшырма:**
Жума күндөрүн эстешет. Алардын аталыштарын жекече жана хор менен кайталашат. Иреттик сан атоочторго көңүл бурушуп, дептерлерине жазышат. Алардын айтылыш өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурушат. Күндөрдүн аттарындагы түшүп калган мүчөлөрүн толуктап айтышат.

**4-тапшырма:**
Презентацияны көрөн соң , эмнени эске сактап калгандарын ооз эки түрдө атып беришет.
**" Эсиңе тут! "** белгиси менен иштөө.
Ар бир тематикалык циклдин аягында окуучуларга таңууланбастан берилет. Негизги көңүл бурулуучу тема диаграмма аркылуу берилген. Бул ыкма окуучулардын көрүп кабыл алуусуна, эстеп калуусуна чоң үлүшүн кошот.

**Баалоо:** Сабакта ооз эки жакшы жооп берген, сүйлөмдөрдүн конструкциясын туура түзө алган окуучуларга баа кою.

**Үй тапшырмалары катары төмөнкүлөр берилет:**
Манас атанын байрактары тууралуу дептерге конспектилөө
Синоним сөздөрдү белгилөө.

**Сабактын темасы:** Тесттик текшерүү
**Грамматикалык тема: өтүлгөн темаларды эске түшүрүү**
**Сабактын максаттары:**

3. Мурда өтүлгөн лексиканы оозеки кебинде активдүү түрдө колдонушат. Ар кандай кеп конструкцияларын толуктап, мааниси боюнча улантып иштей алышат.
4. Кеп маданиятына көңүл бурушат. Бири-бири менен жана улуу адамдар менен маданияттуу учурашуу керек экендигин түшүнүшөт.
5. Кеп концтрукциясы аркылуу суроо-жооп түзүүгө машыгышат.
6. Манас эпосу тууралуу кошумча маалымат алышат

**Көрсөткүчтөр:**
Жогоруда коюлган максаттар ишке ашат, эгерде:
- Саламдашуунун түрлөрүн  кырдаал боюнча сүйлөй алса;
- Бири-бири менен тартынбастан өз ойлорун айта алышса
- Кыргыз тилине мүнөздүү болгон тыбыштарды туура айта алса;
- берилген суроолорго жооп бере алса;

**Сабактын тиби:** Кайталоо
**Сабактын формасы**: Сабак – практикум
**Сабакта колдонулган ыкма**: текшерүү
**Сабакта колдонулган каражаттар**: тест
**Уюштуруу:** Саламатсыңарбы балдар? Маанайыбыз кандай ?